## Көз айнекчен апама

Сөзү : Т.Кожомбердиевдики

Обону: М.Бакировдуку

Көз айнекке не болду?
Көз көрүнө жоголду.

Жаркын апам ошондо

таап бер дейт оболу.

А дей электе угамын

Атып эле чыгамын

Дагы жардам берсем деп.

Даярданып турамын.

Төгөрөк жип дөңгөлөк,

Төмөн түшкөн өңдөнөт.

Тактайлардын астынан

таап чыктым жөрмөлөп.

Кийип алып күрмөсүн

Жайып алып дүйнөсүн

Санаа тартып кетээрде

Сантай албай ийнесин.

Ары бери саптаймын

акыл айтса жактаймын

Апакемдин а түгүл

Адилдигин жактаймын.

Энеге күч көп келет

Элпектигим эп келет

Көңүлүмдү көтөрүп

Көз айнегим деп келет.